| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br>ТӨӨ-МОЮН<br>АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ТОО-МОЮНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Төө-Моюн айылдык кеңешинин I чакырылышынын кезектеги ___- сессиясы**

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

___-_______ 2026-жыл №____ «Ак-Шар» а.

**«Айылдык китепканаларды каттоодон өткөрүү жөнүндө»**

Төө-Моюн айылдык Кеңешинин депутаттары Төө-Моюн айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары М.Осмоновдун Төө-Моюн айыл аймагын маданий-эстетикалык жактан өнүктүрүү жана жарандарды китепке болгон кызыгуусун арттыруу, келечек муундарды тарбиялоо иштерин өркүндөтүү максатында жана ошондой эле социалдык маселелер боюнча адис Ч.К.Самиеванын билдирүүлөрүн угуп чыгып талкуулап, Кыргыз Республикасынын “Китепкана иши жөнүндө” Мыйзамына ылайык Төө-Моюн айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Төө-Моюн айыл өкмөтүнө караштуу №19 Авиз айылдык китепканасын мамлекеттик каттоодон өткөрүүгө макулдук берилсин.
2. №19 Авиз айылдык китепканасын уюштуруу иштери жана документтери аракеттеги мыйзамдарга ылайык иштелип чыгылсын.
3. Бул токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамына ылайык Төө-Моюн айыл өкмөтүнүн расмий https://too-moyun.gov.kg маалымат сайтына жарыялансын.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Төө-Моюн айылдык кеңешинин социалдык маселелер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, жаштар, спорт, социалдык коргоо, жалпыга маалымдоо каражаттары жана жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага А.Осмоналиев